# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ СОЦИОЛОГИЯНЫН ИЛИМ, БИЛИМ ЖАНА ПРАКТИКА КАТАРЫНДА ИНСТИТУТЦИАЛАНЫШЫ

**БЕКТУРГАНОВ К. Б.**
*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

**УДК.316.3**

Кыргызстанда социологиянын илим жана практика катарында калыптанышынын тарыхы мурунку Союзда алгачкылардан болуп 1966- жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинде социологиялык лабораториянын ачылышы менен башталган. Мунун башында ал кездеги таланттуу жаш окумуштуу, кийинчерээк чыгаан философ – ойчул, энциклопедист, Кыргызстан илимдер Академиясынын мүчө – корреспонденти Асанбек Табалдиев турган. Табалдиевдин мектебинен чыккандар азыркы учурда алды Академик, илимдин мучө- корреспонденттери, философия, социология, саясат таануу ж.б. илимдердин докторлору жана бир тобу практикалык иштерде эмгектенишет. Азыркы учурда социологиянын башында мен болгнмун дегендер көп. Жогоруда мен келтирген фактылар буга жоопту өзүн - өзү эле айтып турбайбы! Бүгүнкү конференцияда буга чекит койсок дейм!!!

Асанбек Табалдиевдин ысмы өтө тура бааланууменен Кыргызстан Республикалык Энциклопедияга, Социология боюнча окуу китептерге жана окуу куралдарга киргизилди. Бул окумуштуу советтик социологиянын башында туруп, улуттук жана эл аралык мамилелердин, бош убакытты жана анны тура пайдалануунун мамселелерин которуп чыккандардын биринен болгон, ошону менен бирге эле шаар жана кыштак, турмуш образын, никелешүү, үй-бүлөлүк мамилелердин социологиясын иштеп чыккан.

-Айта кетчү нерсе Кыргызстандын социологиясын дүйнөлүк, мисалы АКШ нын социологиясы менен салыштыра турган болсок, бүгүн биз буту жаңы баскан баладайбыз, анткени батышта социологиянын тарыхы 200 жылдан ашат. Бирок, бизде социология коомчулук тарабынан илим, билим жана практика катарында кабыл алына баштады. Тилекке каршы биздин башкаруу органдар, коммерциялык, бизнес, бюракраттык түзүлүштөр социологияны коомдо, турмушту өнүктүрүүдө керектүү институт катары алигиче түшүнүктү кабыл алыша элек.

Ал эми социологияны билим жагынан карасак, АКШга салыштырганда, бизде дагы эле чоң жетишсиздиктер бар.

1. Социалдык реалдуулукту өтө курч кабыл алуучулук. Коомду социалдык формалардын өзгөрүлүп туруучу тирүүлөй процесси катарында ар түрдүү адамдардын тагдыры тургандыгын аныктоо. Башкача айтканда, америкалык социолог теориялык же эмпирикалык жактан болсун ал эч качан «адамдык ченемдик» болгондугун өзүнүн мейкиндик көз карашынан чыгарбайт. Муну социологиянын «гумандуулук нерви» деп атасак болот.

2. Социалдык процесстерди жогорку денгээлде башкаруучулук социологдорго өтө чоң жоопкерчиликти, экономикалык, саясый жана руханий-маданий чөйрөдө өтө орчундуу маселелерди чечүүгө кийлигишүүнү сездирип турат. Ошондуктан амарикалык социологдор кандайдыр бир мааниде өзүлөрүн «социалдык медицинанын » өкүлдөрү деп эсептешет, башкача айтканда, коомдук «социалдык ооруларды» эскертет, диагностойт жана айыктырат. Андыктан алар илимдин коомдун бийиктиги менен байланышкан бөтөнчө миссияларынын аткаруучулары болуп эсептелишет. Тилекке каршы, бизде буларды ойлогон «атка минээрлер» коомчулукта өтө эле аз. Ошондуктан, өлкөбүздө баардык тараптан, алга жыла албай жатабыз десек жаңылышпайбыз!

Буга карабастан биздин Баласагын атындагы улуттук университетте социологияны илим, билим жана практика катарында институтташтыруу катарында аракет кылып жатабыз. Илим катары кезек-кезеги менен пландуу түрдө, же заказдар боюнча социологиялык иликтөөлөр жүргүзүлүп турат. Тилекке каршы каржылоо жана спонсорлук

маселелер өтө эле жетишсиз. Бүгүнкү күндө кафедрада социологиялык илимдердин төрт доктору, жети кандидаты, 8 улуу окутуучусу жана 3 мугалими иштейт.

Социологиялык билимдин натыйжалуулугуна токтоло турган болсок, ал ар бир профессордун, мугалимдин жекече өзгөчөлүгүнө, инсандык касиетине жараша болушу керек. Бул жерде эң негизгиси профессорлук мугалимдер составы кандайдыр ортоктошкон, "коллективтештирилген" масса катарында каралбаш керек. Тескерисинче , кафедра башчысына түдөн-түз баш ийген чыгармачылык жетекчиликте болуу керек, же болбосо академикалык турмуштун тигил же бул жагдайын ирээтеген атайын шайлануучу орган менен иштеши керек.

Социологияны окутуунун этикасына караганда ар бир профессор, доцент же мугалим эреже катарында өзүнүн арсеналында стандарттык набор курстар болушу керек (мисалы, социологияга киришүү, социалдык түзүлүш жана стратификация, социологиянын методологиясы, усулдары жана технологиялары ж.б.у.с. атайын курстар), мындан тышкары, ар бир мугалимдин кызыкчылыгын жана кесипкорлугун чагылдыруучу авторлук курстар болушу мүмкүн. Мындай мүмкүнчүлүккө биз жетише элекбиз. Буга себептер көп.

Бүгүнкү күндө КУУ нин социология кафедрасы эки багыттагы адистерди (социологдорду жана социалдык кызматкерлерди) даярдайт.

Бүгүнкү практикада кесипкорлорду даярдоодогу (КУУда, БГУда ж.б. университеттерде) кафедрага жамынган салттуу факультеттерди өркүндөтүп, өзгөртүүнү ойлонбостон кайталап жатышат.

Бүгүнкү шарттарда мындай түзүлүш окутууну жана илимий изилдөөлөрдү интенсификациялабастан, мурдагы калдыктарды улантат. Бүгүнкү күндө биз өкмөттүн приказы менен окутуунун болондук системасына өткөнүбүздө, ар бир мугалимдин педагогикалык талантын ачууга тийишпиз. Бул болсо аны кафедрага жамынуудан, академиялык күчтүү менен начар окутуучулардан кескин түрдө баш тартууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Биздин мамлекетте Кыргыз Улуттук Университетинин социология кафедрасы базалык кафедрасы болуп 1991 - жылдан бери ийгиликтүү иштеп келе жатат. Алсак, кафедрадан жуздон ашык социолог кесипкорлор, магистранттар бүтүштү, алар азыр республиканын баардык тармактарында кызматтанышат. Мындан тышкары акыркы беш жылдын ичинде социология илимдеринин үч адамы докторлук диссертациаларын коргошту. Ушундай фактылардын өзүлөрү социологиянын Кыргызстанда илим, билим жана практикалык келечеги бар экендигин көрсөтүп турат. Бирок буга дагы кыйла эмгектенип, күч-кубат жумшашышыбыз керек.

Кыргыз улуттук университетинде азыркы учурдагы социологиялык илимдин, билимдин жана практиканын өнүгүшүн жыйынтыктап айтканда, позитивдүү процесстерге карабастан, кесипкөйлөрдү даярдоодо, жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөрдү методологиялык, усулдук жана уюштуруу-туухнологялык сапаттуу камсыздандыруу, кадрларды бир жагдай биргелештирүү боюнча орчундуу маселелер бар. Бул болсо, копчулук учурда дээрлик жогорку окуу жайлардын системасына байланыштуу жалпы тенденцияны чагылдырган муноздомого, ошондой эле социологиялык илимдин коомдо керектоочулугуно жана практикалык багытына, эн негизгиси Кыргызстандын каржылоо-экономикалык мумкунчулугуно туздон-туз байланыштуу.